КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ
МЕКЕМЕ УЧРЕЖДЕНИЕ
КЫРГЫЗСКАЯ АКАДЕМИЯ ОБРАЗОВАНИЯ МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЕНН 00703200310357
№ 159
03 04 2018 г.
г. БИШКЕК ш.

**Кыргыз билим берүү академиясы**
**Окумуштуулар кеңеши**
2018-жылынын 26-мартындагы
№4 жыйын-протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

**Күн тартибинде:**

6. **Илимий иштердин темаларын бекитүү жөнүндө.**

6.1. Педагогика илимдеринин кандидаты Ибирайым кызы Айжандын 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн арналган «Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиясы» диссертациялык иштин темасын жана илимий консультантын бекитүү жөнүндө.

Окутуунун теориясы жана технологиясы борборунун директору, п.и.д., проф. Е.Син Технология, искусство жана дене маданияты тармактарынын маселелери лабораториясынын башчысы, п.и.к., а.и.к. Ибирайым кызы Айжандын илимий ишинин талкуулангандыгы боюнча отурумдун катышуучуларына маалымат берди. Ал өз сөзүндө изденүүчүнүн 2008-жылдан бери илимий темалардын үстүнөн иштеп, алгылыктуу натыйжаларды алууга жетишип келаткандыгын белгилеп, кандидаттык диссертациясын жактагандан кийинки публикациялары болуп: 1 стандарт, 1 окуу программа, 1 монография, 2 методикалык колдонмо, 4 окуу курал, 35 макала (4 макала чет өлкөдөн) жарык көргөндүгүн айтып өттү. Демек, илим-изилдөө ишинин уландысын докторлук диссертация менен улантууну колго алууга негиз бар экендигин билдирди.

**Угулду:** п.и.к., а.и.к. Ибирайым кызы Айжан план-проспектисинин негизги аппаратына кыскача токтолду.

Изилдөөнүн ***актуалдуулугу***, учурдагы билим берүү системасынын компетенттүүлүк парадигмага өтүү максаты дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүн билим берүүсүнүн тажрыйбаларынан жана Эл аралык изилдөөлөрдүн натыйжасынан улам шартталган. Ошондой болсо да ааламдашуу доорундагы жарандын интеллектуалдык ресурсунун күн санап өнүгүүсү үчүн биз берген билим балага анчейин сиңбей, турмушта колдонулбай жатышы, ЮНЕСКОнун документтериндеги талаптарды эске алуу зарылчылыктары окуу-нормативдик документтердин улам жаңыланып, жаңыча даярдалып, кабыл алынышына түрткү кылууда. "Жаңы доорго кырк кадам" Өкмөттүн программасынын алкагында жалпы билим берүүнүн келечектеги жаңы мазмунунун жана аны ишке ашыруучу окуу-методикалык материалдарынын электрондук негизде ишке ашырылышынын, электрондук окуу материалдардын даярдалышынын илимий негизи болуш керектиги тууралуу демилге колго алынууда. Демек, билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөөдө, билим берүүнү өнүктүрүүнүн объективдүү тенденцияларын, анын ичинде электрондук окутууну жөнгө салууну максат коюуда, билим берүүнүн азыркы абалын талдоодо бир нече ***карама-каршылыктардын*** орун алгандыгын баамдадык. Түзүлгөн кырдаалды, пайда болгон карама-каршылыктарды кандайдыр бир деңгээлде чечүү максатында аталган теманы тандап алууга негиз болгондугун билдирип, андан соң ***изилдөөнүн объектисине, предметине, максатына, милдеттерине жана*** илимий иштин болжолдуу ***структурасына*** токтолду.

Берилген маалыматтан кийин талкуу болуп өттү, суроолор берилип, жооптор алынды. Талкуунун учурунда изденүүчүгө сунуштар айтылды.

Төрага А.Мамытов изденүүчү, п.и.к., а.и.к. Ибирайым кызы Айжандын диссертациялык изилдөөсүнүн темасын жактыруу сунушун добушка койду.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү п.и.к., а.и.к. Ибирайым кызы Айжандын «Электрондук окутуунун теориясы жана практикасы» 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жүргүзүлүүчү диссертациялык изилдөөсүнүн темасы жактырылсын деген чечимге добуш беришти. Макул – 15, каршы – 0, калыс – 0.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Педагогика илимдеринин кандидаты Ибирайым кызы Айжандын 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн арналган «Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиясы» диссертациялык иштин темасы жактырылсын.
2. Илимий кеңешчиси болуп п.и.д., профессор Калдыбаев Салидин Кадыркулович дайындалсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,**
**п.и.д., профессор** **А.Мамытов**

**Окумуштуу катчы** **А.Ниязова**